6 пед.кеңешме

"17" 06 2018 жыл

Мектеп директору:

Н.Т.Алибекова

## Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим беруучү уюмунун бутуруучулөрун жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнундө ЖОБО

### 1. Жалпы жоболор

1. "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, кесиптик билим берүү уюмдарында орто кесиптик билим берүү программасы боюнча окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестация милдеттүү болот.

2. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясы мамлекеттик аккредитацияланган (аттестацияланган) кесиптик орто билим беруучү уюмдарда өткөрүлөт жана ал билим деңгээли, квалификациясы жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүү менен жыйынтыкталат.

3. Мамлекеттик аккредитация (аттестациясы) жок окуу жайларда билим алган адамдардын бүтүрүүчүлөрдү мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүгө жана мамлекеттик үлгүдөгү диплом алууга укугу кесиптик билим беруучү мамлекеттик уюмдар аркылуу камсыздалат.

4. Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы кесиптик билим берүү уюмдарында ар бир негизги кесиптик билим берүүчү программа боюнча түзүлүүчү мамлекеттик аттестациялык комиссиялар тарабынан ишке ашырылат.

5. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары ез иштеринде ушул Жобого, кесиптик орто билим беруучү уюм мамлекеттик билим беруу стандарттарынын негизинде кесиптик орто билим берүүнүн конкреттүү адистиктери боюнча иштеп чыгуучу окуу-методикалык документтерге таянышат.

### 2. Мамлекеттик жыйынтыктоочу сыноолордун түрлөрү

6. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы мамлекеттик аттестациялык сыноолордун төмөнкүдөй түрлөрүнөн турат:

- бир сабак боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
- адистик боюнча дисциплиналар аралык жыйынтыктоочу экзамен;
- квалификациялык бүтүрүү ишин жактоо.

7. Ар бир сабак боюнча жыйынтыктоо экзамени студенттин окутуу программасында каралган материалды билүү деңгээлин аныктоого жана ал сабактын мамлекеттик билим берүү стандартында каралган минимум мазмунун камтууга тийиш.

8. Квалификациялык бүтүрүү иштери студенттин кесиби боюнча конкреттүү маселелерди чечүүдө билимин системалаштырууга, ошондой эле бүтүрүүчүнүн өз алдынча иштөөгө даярдык деңгээлин аныктоого арналат Бутуруучу квалификациялык иштер дипломдук иш же дипломдук долбоор формасында аткарылат. Бутуруучу квалификациялык иштердин тематикасы кесиптик билим берүү уюму тарабынан аныкталат. Студентке бутуруу квалификациялык ишинин темасын тандоо укугу берилип, керек болсо ал езунун тематикасын, максаттуулу^гун далилдее менен сунуштай алат. Бутуруу квалификациялык ишти даярдоодо ар оир студентке жетекчи жана кецеш

беруучулер бекитилет.

9. Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоо мамлекеттик аттестациясынын курамына кирген аттестациялык сыноолордун убакыт көлөмү жана түрлөрү, кесиптик орто конкреттүү билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты менен белгиленет. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын курамына киргизилген аттестациялык сыноолор студенттин даярдыгынын учурдагы жетишкендигин баалоо жана орто аралыктардагы аттестациялоо менен алмаштырылбайт.

10. Кесиптер боюнча дисциплина аралык жыйынтыктоо экзамендеринин программалары, бүтүрүүчү квалификациялык иштерге талаптар жана аттестациялык сыноолордо билимди баалоо критерийлери кесиптик билим берүүчү уюмдун кеңешинин жыйынында талкуулангандан кийин билим берүүчү уюмдун жетекчиси тарабынан бекитилет.

## 3. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиялары

11. Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар ез ишинде Кыргыз Республикасынын билим беруу тармагындагы мыйзамдарына, ушул Жобого, кесиптик орто билим беруунун мамлекеттик стандарттарына, орто окуу жайлар иштеп чыгышкан окуу-методикалык документтерге жана окуу-методикалык кеңештердин рекомендацияларына таянышат

Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын негизги функциялары:

- бүтүрүүчүнүн кесиптик орто билим берүүчү мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына даярдыгын аныктоо;
- мамлекеттик аттестациянын жыйынтыгы менен бүтүрүүчүгө кесиптик квалификация же академиялык даража ыйгаруу жана кесиптик орто билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү тиешелүү документ беруу;
- мамлекеттик аттестациялык комиссиянын ишинин жыйынтыгы менен бутуруучулерду даярдоону өркүндөтүүгө багытталган сунуштарды иштеп чыгуу.

12. Ар бир адистик боюнча мамлекеттик аттестациялык комиссиянын терагасынын коом карамагында турган тийиштуу мамлекеттик орган менен макулдашылган кандидатурасын Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлиги бекитет.

Мамлекеттик аттестациялык комиссиялар бир календарлык жыл бою иштешет.

13. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясын терага башкарат, ал комиссиянын ишин уюштурат жана контролдойт, бүтүрүүчүлөргө коюлчу талаптардын бирдейлигин камсыздайт.

14. Мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар жана мамлекеттик үлгүдөгү документ берген мамлекеттик эмес кесиптик орто окуу жайлар учун мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын терагаларын Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлиги бекитет

15. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясы кесиптик билим беруу уюумунун окутуучуларынан жана башка мекемелерден чакырылган адамдардан башка билим беруу уюмдарынын окутуучуларынан жана бутуруучулөрду даярдоо профилине туура келген ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин адистеринен тузулөт. Мамлекеттик аттестациялоо комиссиясынын курамын билим беруу уюмунун жетекчиси бекитет.

## 4. Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясын өткөрүү тартиби

16. Мамлекеттик жыйынтыктоо аттестациясына кирген аттестациялоо сынактарын өткөрүү шартын кесиптик билим беруу уюму аныктайт жана студенттерге жыйынтыктоочу аттестациядан алты айдан кем эмес мурда жеткирилет. Студенттер экзамендердин программалары менен камсыздалат, аларга даярдануу жана консультация алуу учун керектуу шарттар тузулет.

16[1]. Өзгөчө кырдаал/өзгөчө абал режиминин шарттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтунун 2014-жылдын 26-июнундагы № 354 токтому менен бекитилген Билим беруу программаларын ишке ашырууда аралыктан билим беруу технологияларын колдонуунун тартибине ылайык аралыктан билим беруу технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бутуруучулөрдү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилет.

Ушуну менен бирге жашыруун режимин сактоону талап кылган, жеткиликтуулугу чектелген грифтеги сабактарга, ошондой эле маданият жана искусство боюнча кесиптик орто билим беруучу уюмдарындагы атайын чыгармачылык сабактарга карата аралыктан билим беруу технологияларын колдонуу менен онлайн режиминде бутуруучулерду жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоого жол берилбейт.

*(КР Экмвтунун 2020-жылдын 20-майындагы № 262 токтомунун редакциясына ылайык)*

17. Адистик боюнча жыйынтыктоочу сабактар аралык экзаменге жана бутуруучу квалификациялык ишин жактоого кесиптик билим беруучу бир негизги программа боюнча толук окуу курсун аяктаган жана окуу планында каралган аттестациялык сынактардан ийгиликтуу өткөн студенттер киргизилет.

Өзунчө дисциплина боюнча жыйынтыктоочу экзаменди кесиптик билим беруучу программа боюнча толук окуу курсун буткенге чейин өткөрсө болот.

18. Жыйынтыктоочу экзамендерди тапшыруу жана бутуруучу квалификациялык ишти жактоо аттестациялык комиссиянын курамынын учтен экиден кем эмеси катышкан ачык кароолордо өткөзүлөт.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилген аттестациялык сыноолордун жыйынтыктары "эң жакшы", "жакшы", "канааттанарлык", "канааттанарлык эмес" деген баалар менен аныкталат жана ошол эле куну мамлекеттик аттестациялык комиссиянын жыйынынын протоколдорун белгиленген тартипте тариздегенден кийин жарыяланат.

19. Мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими комиссия мүчөлөрунун жөнөкөй көпчулук добушу менен жабык жыйында кабыл алынат. Добуштар тең болуп калган учурда тераганын добушу чечүүчү болот.

20. Кесиптик билим беруу уюмунун бутуруучусунө тийиштуу квалификация ыйгаруу жана ага кесиптик орто билим тууралуу документти беруу ал мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилген бардык аттестациялык сынактын турлөрунөн ийгиликтуу өткөндөн кийин ишке ашырылат.

Окуу планындагы сабактардын 75%тен кем эмесинен "эң жакшы" деген баа алган, башка сабактардан "жакшы" деген баа алган жана мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан "эң жакшы" деген баа менен өткөн студентке артыкчылык диплому берилет.

Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын курамына кирген аттестациялык сынактарды белгиленген окуу мөөнөтунун ичинде тапшыра албаган студент билим беруу уюмунан чыгарылат жана Кыргыз Республикасынын Билим беруу жана илим министрлиги белгилеген үлгүдөгү академиялык маалымкат алат.

Жыйынтыктоочу аттестациялык сынактарды тапшыра албаган бутуруучулер кайра тапшырууга бир жылдан соң гана, жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөндөн кийин киргизилет.

21. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялык комиссиянын иши жөнундө ар жылдык отчет билим беруучу уюмдун кеңешинде талкууланат жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация аяктагандан кийин эки айдын ичинде ушул билим беруу уюму карамагында турган аткаруучу бийлик органына берилет.